УДК: 336

Алыбаева А.К., Турдиева А.Ш.,
*Ысык-Көл кооперация институту*

# УЛУТТУК ВАЛЮТАНЫН ТАРЖЫМАЛЫНАН

*Макалада улуттук валютанын киргизилиши, накталай акчаларды жүгүртүүгө чыгаруунун натыйжалуулугу тууралуу айтылат.*

Курчап турган чөйрө кандай гана тездик менен өзгөрүүдө: планета климаты алмашып, бүтүндөй бир өлкөлөр пайда болуп да, жок болуп да жатат . Саясий кырдаал, идеология нуктарында, деги эле, ой жүгүртүүдө өзгөрүүлөр орун алууда, ал эми адам баласы тарабынан пайдаланылып жаткан технологиялар күн санап өркүндөөдө. Биз адам баласынын тарыхый өнүгүүсүндө, биринчи кезекте, цифралык, компьютер жана коммуникация каражаттарынын абдан ылдам өсүшүнө байланыштуу эбегейсиз технологиялык зор революция күч алган миң жылдыктын чегинде жашап жатабыз. Адамзат цивилизациясынын мындан аркы өнүгүүсүн нанотехнология, интернет, мобилдик телефон жана электрондук төлөмдөр системасы өңдүү каражаттарсыз элестетүү мүмкүн эмес. Маселен, дүкөндөрдө, автомашиналарга май куйуучу жайларда, почта бөлүмдөрүндө пластик карточкалары менен төлөө көнүмүш иш болуп калууда, ал эми товарларды интернет аркылуу сатып алуу ыңгайына азырынча баа жок десек болот. Мындан ары накталай акчаларды пайдалануу электрондук акчалар менен алмашып турганын көптөгөндөр көзү ачыктык менен айтып жатканын укпай койууга болбойт, бирок накталай эмес төлөмдөрдүн чоң арым менен өсүп жатканына карабастан, эң өнүккөн өлкөлөрдө деле накталай акчаларды пайдаланбай коймок турсун, тескерисинче, жыл сайын көбөйүүдө, болгондо алардын сапаты жакшырууда.

Кайсыл болбосун акча бирдиги өз жашоо мөөнөтүнө ээ. Мисалы, Швейцария Улуттук банкына ар бир банкнот эки жыл ичинде 3 жолу кайрылып келет, ал эми эскилиги жеткен акчалар жүгүртүүдөн алынат жана жок кылынат. Австралия Резервдик фонду тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган жаңы сериядагы полимердик банкноттордун жашоо мөөнөтү кагаз жүзүндөгү банкноттордон 4 эсеге ашык жашай тургандыгы кызыктуу көрүнүш. Мындан тышкары, кирдеп калган полимердик банкнотторду жөн гана жууп койсо болот. Өз доорун жашап бүткөн банкноттор бир катар продукцияларга кайра иштетилет, ошентип, алардын экинчи жашоосу (өмүрү) башталат.

Акча банкнотторунун «карышы», мейли бул америка доллары же кыргыз сому болсун, аларды жүгүртүүдөн алууга жана жок кылууга туура келет. Бул эң узакка созулган технологиялык процесс, анткени, акча купюраларын жүгүртүүдөн алууда аларды кайра санап чыгуу, жарактуу же жараксыздарга аныктоо жана эң акырында жок кылуу керек. Жараксыз болуп калган акчаларды жок кылуунун кеңири тараган ыкмасы болуп аларды өрттөө жана майдалоо саналат. Жараксыз болуп калган акчаларды жок кылуу методдорун жана ыкмаларын изилдеп чыгып Улуттук банк, экологиялык жактан эң таза ыкманы тандап алган, башкача айтканда, калдыктарды кайра иштетүү менен банкнотторду майдалоо. Учурда бул калдыктар картон кагаздарды өндүрүүдө пайдаланылат.

Акча деген эмне, алар эмне үчүн керек жана экономикада жана адамдын жашоосунда кандай ролду ойной тургандыгы ондогон жылдардан бери белгилүү. Бирок ошол эле учурда, белгилүү илимпоз – экономистер «акча» деген мааниге жалпы, так аныктама берүүгө чыгынышпайт. Айрым учурларда оригиналдуу аныктамаларды сунуш кылышат: «Акча – бул чынында эле бар нерсе», «Акча – жаратылышта орун алган нерсе эмес, ал биз сандык маани берүүгө үйрөнгөн нерсе», «Акча сатып алуу күчүн убактылуу батырган нерсе». Акча тууралуу саясий экономика мектебинин өкүлү, шотландия экономисти Адам Смит «аны башка адамдарга берип, андан бошонуу менен биз пайда ала турган бирден-бир буюм» деген оригиналдуу пикирин айткан. Экономикалык категория катары акчага карата басымдуу жана урунттуу аныктаманы төмөнкүчө берсе болот: «Акчалар – жалпы товардык эквивалент, алмашуунун универсалдуу каражаты». Бул аныктамада акчанын биринчилик максаты жана алардын негизги, аныктоочу сапаты, касиети чагылдырылган. Себеби, акчанын келип чыгышы, алмаштыруучу тараптар үчүн анын бирдей баалуулугун, эквиваленттүүлүгүн камсыз кылуу максатында товарларды алмашуу учурундагы керектелиши менен шартталган.

Баардык алмаштырылып, сатылып жана сатылып алынып жаткан товарларды өз ара салыштырууга мүмкүндүк берген бирден–бир жалпы коомдук «метр», универсалдуу «тараза» керек болду. Мына ошондуктан адамдар, товарлардын санына жана баалуулугуна жараша аларды

бири–бири менен алмаштыруу үчүн баардык товарлар менен салыштырууга мүмкүн болгон бирден–бир, универсалдуу жалпы коом менен таанылган, кабыл алынган товарды ойлоп тапкан. Акча – мына ушундай универсалдуу товар алмашуу катары кызмат өтөй баштаган.

Акчанын жаралышы жана касиети алардын маанисин, алар аткарган функцияларды изилдөөдө жакшы таанылат (функция деп алардын максатын, пайдалануу ыкмаларын аныктаган, буюмдардын касиети аталат). Ошолу, акча жүгүртүү каражаты, анын жардамы аркылуу адамдардын, ишкерлердин, фирмалардын жана мамлекеттердин ортосунда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү түздөн-түз алмашуу жүзөгө ашырылат. Албетте, азыркыга чейин «бартер» деген сөздүн алдында кеңири таанымал болгон бир товарды экинчи бир товарга натуралай, түздөн-түз алмашууну жүргүзсө болот. Бирок, «товарга акча, а акча товарга» схемасы боюнча товарларды алмашуу, жөнөкөй «товарга товар» схемасы боюнча алмашууга Караганда бир кыйла жеңил. Ага өз себептери бар.

Биринчиден, сиздин товар туура келген адамды же анын товары сизге туура келген адамды тез арада табууга мүмкүн эмес. Өз товарыңызды акчага алмаштырууда тике алмашууга макул болгон, сизге керектүү буюмдун ээлерин издөөдөн баш тартасыз.

Экинчиден, өз товарыңызга төлөө катары кайсыл  болбосун башка товарларды сатып алууга универсалдуу каражатты аласыз. Ал  үчүн сатылган товардан келип түшкөн акчага кийинки, экинчи алмашууда сизди кызыктырган товарды сатып алууну жүргүзүү жетиштүү. Мында, эмнени сатып алуу керек деген суроону акчаны алгандан кийин чечүүгө болот, бул да тике алмашууга караганда бир топ жеңил.

Социалистик доор бүткөн соң өнүктүрүүнүн мурдагы советтик андан аркы жолдорун аныктоого, анын ичинде эң эле олуттуу болгон көз карандысыз улуттук валюта жүгүртүү маселесин чечүүгө өз алдынча киришүүгө аргасыз болушкан.

Ар бир өлкөнүн валютасы - бул, тарыхтын, экономикалык абалдын жана мамлекеттик саясатынын бир көрүнүшү. Соода бүтүмдөрүнүн жана мамлекеттер аралык мамиленин ортомчусу болуу менен өз функцияларын аткаруу үчүн улуттук валюта ишенимдүү болушу, демек, жасалма акча жасоочулуктан ишенимдүү корголушу керек. Тигил же бул валютанын аныктыгын аныктоого боло турган коргоо элементтеринин билүү менен жасалма банкнотторду алуу менен байланыштуу болгон проблемалардан арылууга болот.

Кыргызстан өзүнүн Улуттук валютасын 1993-жылы 10-майында жүгүртүүгө чыгарып, сом пайда болгон. Кыргызстандан кийин улуттук валютасын Казакстан, Өзбекстан  жана Шериктештикке кирген башка өлкөлөр да чыгара башташкан.

Өлкөбүздүн улуттук валютасын колдонууга киргизилиши - эгемендик жана көз карандысыздык жагынан алганда өзүнүн өнүгүү жолунда бурулуш учур. Шериктештике мүчө өлкөлөрдүн улуттук экономикасы калыптанган ошол кыйын шарттарда саясий жана экономикалык жактан өтө жооптуу  чечимдерди кабыл алууга туура келген.

Улуттук валютанын колдонууга киргизилиши республикада  накталай акчаларды жүгүртүүгө чыгарууну натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берип, эмгекке акыларды, пенсияларды өз убагында төлөөнү камсыз кылууну системалаштырып, республикадан акчанын алынып чыгып кетишин чектей алган.

Республиканын накталай муктаждыгын камсыз кылуу жана инфляциянын өсүшүн басаңдатуу үчүн жүгүртүүдөгү акчалардын жалпы суммасын катуураак көзөмөлдөөгө мүмкүн

Кыргызстандын улуттук валютасы баскычтуу стратегияга ылайык түптөлдү. 1993-жылы улуттук валютанын алгачкы банкноттору өткөөл мезгилге ылайык жүгүртүүгө чыгарылган (1, 10, 50 тыйын, 5, 20 сом) 1995-жылдан бери биринчи чыгарылыштагы банкноттору жүгүртүүдөн акырындык менен чыгаруу ыкмасы колдонулган (улуттук банктын биринчи чыгарылыштагы банкнотторду экинчиси менен алмаштырылган). Учурда биринчи чыгарылыштагы банкноттор жүгүртүүдөн толук чыгарылды.

Ошолу, улуттук валютанын банкноттору технологиянын акыркы жетишкендиги менен даярдалган, купюраларды жасалма акча жасоочулуктан сактаган жана банкноттун аныктыгын текшерүүгө мүмкүн болгон жыйырмадан ашык коргоо элементтерине ээ.

1997-жылы 5 жана 10 сом номиналындагы жогорку коргоо элементтерин камтыган банкноттор  чыгарылган.

2000-жылы 1 сом номиналындагы банкнот өркүндөтүлгөн мүнөздөмө менен иштелген, ошондой эле жүгүртүүгө 200, 500 жана 1000 сом наркындагы банкноттор киргизилген.

Номиналы жогору болгон банкноттор республиканын экономикасынын Улуттук валютага карата суроо-талабын өз убагында камсыз кылууга жана чыгашаларды кыйла төмөндөтүүгө

мүмкүндүк берет.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009- жылдын 11-февралындагы №7\1 «5000 сом номиналындагы банкнотторду жүгүртүүгө чыгаруу жөнүндө» токтомуна ылайык 2009-жылдын 20-мартынан тартып 5000 сом номиналындагы банкнот жүгүртүүгө чыгарылган.

5000 сом номиналындагы банкнот өзгөчө дизайнга жана акыркы муундагы мыкты коргоо элементтерине ээ.

2008-жылдын 1-январынан тартып металл номиналындагы коллекциялык металл монета, 10, 50 тыйын жана 1, 3, 5 сом номиналындагы монеталарынын газета жүгүртүлүшү улуттук валютаны өнүктүрүүдө кезектеги баскыч катары кароого болот. Майда монеталардын Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007- жылдын 11-октябрындагы № 44\ 2 «1, 10, 50 тыйын жана 1, 3, 5 сом номиналындагы монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу жөнүндө» токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында 2008-жылдын 1-январынан тартып жүгүртүүгө 1 тыйын номиналындагы коллекциялык монета, 10, 50 тыйын жана 1, 3, 5 сом номиналындагы жүгүртүү монеталары чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын жүгүртүү монеталары латунь (10 жана 50 тыйын номиналындагы монеталар) жана никель (1, 3, 5 сом номиналындагы монеталар) капталып, болоттон жасалган. 1 тыйын номиналындагы коллекциялык монета латундан жасалган.

1, 10, 50 тыйын номиналындагы монеталар кыргыз кол өнөрчүлүк чеберчилигинде байыртан эле кездешип келген, аруулук менен керемет сулуулукту туюндурган назик гүлдүн сүрөттөлүшү чагылдырылган.

1, 3 жана 5 сом номиналындагы монеталарда кыргыз улуттук- кымыз сакталуучу, булгаарыдан көркөм чеберчиликте кылдат жасалган көөкөрдүн сүрөттөлүшү чагылдырылган. Ар бир көөкөр бетине түпкүлүктүү эл жаман көздөн, суук сөздөн сактаган ыйык белги катары маздектеп келген үч бурчтук формасындагы тумардын сүрөттөлүшү түшүрүлгөн. Чыгарылышы соода ишинде эсептешүүлөр үчүн жеңил жана ыңгайлуу.

Алтындан жана күмүштөн жасалган эстелик коллекциялык монеталардын чыгарылышы Кыргызстандын жаңы тарыхында маданий учур катары белгиленмекчи. Мындай баалуу металлдардан жасалган манеталар эсептешүү системаларында пайдаланбай калган, бирок азыркы учурда дүйнөнүн 75 мамлекетинен ашык өлкөлөрдө 650 түрдөгү баалуу металлдардан жасалган монеталар чыгарылат, алардын негизги максаты – эркин акча каражаттарын чегерүү үчүн өзгөчө инструмент катары кызмат кылуу. Мындай монеталарды жасоо үчүн 1995-2000-жылдары дүйнө боюнча 553,8 тонна алтын жана 4976 тонна күмүш сарпталган.

Коллекциялык монеталардын негизги максаты – руханий–агартуучулук болуп саналат. Адатка айлангандай эле бул монеталар өтө көп нускада чыгарылбайт, 5000 монетага чейин. Бул монеталар өзгөчө станоктордо даярдалат жана чегип басуунун сапатына карата жогорку талаптарды талап кылат. Эл аралык пруф («proof») жогорку сапаттагы монеталар күзгү бетиндей тегиздик менен айкалышта «аяздык оюм-чийим» менен айрымаланып турат.

2000-жылдын 28-августунда улуттук банк тарабынан 100 сом номиналындагы «Ош-3000» алтын юбилейлик монетасы жүгүртүүгө чыгарылган.

Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналып чыгарылган «Ош-3000» нумизматикалык юбилейлик монета алтындан чегилип жасалган жана «proof» эл аралык жогорку сапатына ээ. Монеталар Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөө каражаты статусуна ээ.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 10 жылдыгына арналып чыккан монеталар стерлингдик күмүштөн чегилип жасалган жана «proof» эл аралык жогорку сапатка ээ. Монеталар Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөө каражаты статусуна ээ.

Эл аралык Тоо жылына арналып чыгарылган «Аркар» жана «Акмаңдай гүл» нумизматикалык эстелик монеталары накта күмүштөн жасалган жана Эл аралык эң жогорку «proof» сапатына ээ. Монеталарга Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөө каражаты статусу ыйгарылган. 2003-жылдын 8-майында улуттук банк тарабынан 10 сом номиналындагы «Кыргыз мамлекеттүүлүгү» эстелик монеталар Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына жана улуттук валютанын 10 жылдыгына арналып жүгүртүүгө чыгарылган. Эстелик монеталар таза күмүштөн жасалган жана эл аралык эң жогорку «proof» сапатына ээ. Монетанын көркөмдүк элементтери Au 999 алтынын пайдалануу менен кайталангыс ыкмада даярдатылган. Монета Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөө каражаты статусуна ээ «Манас-1000», жана «Ош-3000» юбилейлик алтын монеталары, «Манас-1000», «Хан-Теңири», «Аркар», «Акмаңдай-гүл», «Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200-ж.», «Шанхай уюму» күмүш монеталры жана «Улуу

Жибек Жолу» аталышындагы күмүш монеталар сериясы Кыргызстанды эл аралык чөйрөдө татыктуу көрсөтө алат жана дүйнө жүзүндөгү нумизматтардын аздектеп кароосуна татыйт. Ал эми туристтер аларды өлкөбүздүн кооздугун чагылдырган белек катары сатып алууга ашыгып турушат.

Ар бир өлкөнүн валютасы - бул, тарыхтын, экономикалык абалдын жана мамлекеттик саясатынын бир көрүнүшү. Соода бүтүмдөрүнүн жана мамлекеттер аралык мамиленин ортомчусу болуу менен өз функцияларын аткаруу үчүн улуттук валюта ишенимдүү болушу, демек, жасалма акча жасоочулуктан ишенимдүү корголуш керек. Тигил же бул валютанын аныктыгын аныктоого боло турган коргоо элементтерин билүү менен жасалма банкнотторду алуу менен байланыштуу болгон проблемалардан арылууга болот.

Сом – эгемен Кыргызстандын улуттук валютасы. Ал өлкөбүздүн экономикалык, саясий жана маданий турмушунун алдыга жылышына зор салым кошот жана мамлекеттүүлүк символдорунун бири катары дүйнө өлкөлөрүнүн валюталарынын системасында жана Кыргызстандын касиеттүү жеринде отурукташкан элдердин маданий мурасында бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн кайталангыс жана татыктуу ордун ээлеп турат.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын банк кабарчысы. – Б.: Банк кабарчысы, 1998, № 7, 71-73 б.
2. Койчуев Т., Плоских В. Акчалар дүйнөсүндө.– Бишкек: DOSTUK, 1993.
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү Мыйзамы. 1997 – жыл. 29-июль. № 59. –Б., 1997.3-11 б.
4. Кыргызстандын нумизматикалык мурасы. Альбом. Улуттук банк. –Б., 2002.